# Куран жаттаган адамга мындай деп айтылат: «Куран оку жана көтөрүл. Аны дүйнөдө окугандай кылып кыраааты менен оку. Чындыгында, сенин даражаң акыркы окуган аятыңа жараша болот

Абдулла ибн Амр, радыяллаху анху, риваят кылган хадисте Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, айтты: «Куран жаттаган адамга мындай деп айтылат: «Куран оку жана көтөрүл. Аны дүйнөдө окугандай кылып кыраааты менен оку. Чындыгында, сенин даражаң акыркы окуган аятыңа жараша болот».
[Хасан (жакшы)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи, Ан-Насааи "Ал-Кубро" китебинде жазып калтырган жана Ахмад да жазып калтырган]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, Куранды жакшы окуган жана жаттаган ошондой эле анын өкүмдөрүнө амал кылган адам бейишке киргенде ага: «Бул дүйнөдө Куранды ой жүгүртүү жана шашпай окуган сыяктуу азыр да Куран оку жана аны окуу менен бейиштин даражаларына көтөрүл. Сенин даражаң сен окуган акыркы аятта болот» - деп айтылат.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee